DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Жаасынбек кызы А., Кудайберди уулу Д.*

# ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЧЕЧҮҮДӨГҮ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДҮН ТАЖРЫЙБАСЫ

*Жаасынбек кызы А., Кудайберди уулу Д.*

# ОПЫТ ИНОСТРАННЫХ ГОСУДАРСТВ В РЕШЕНИИ ПРОБЛЕМ ЗАЩИТЫ ПРАВ ПОТЕРПЕВШИХ

*Zhaasynbek kyzy A., Kudaiberdi uulu D.*

# THE EXPERIENCE OF FOREIGN STATES IN PROBLEMS OF PROTECTING THE RIGHTS OF VICTIMS

*УДК: 34.343*

*Бул илимий макала жазык-процесстик укугунун актуалдуу маселелерин ачып карайт. Жабырлануучулардын жазык-процессуалдык укуктук абалдарын коргоону жакшыртуу үчүн азыркы учурдагы мыйзамдарга жана коомдун талаптарына ылайыктап иштеп чыгуу жана сунуштоо болуп эсептелинет. Азыркы учурдагы КРнын конституциялык жоболорунда аныкталгандай жазык сот өндүрүшү жогорку саясий мааниге ээ. Кылмыштан жабырланган мекемелер жана атуулдардын мыйзамдуу кызыкчылыктары жана аларды коргоо КРнын Конституциясынын негизинде жазык-процесстик мыйзамы тарабынан жазык сот өндүрүшү аныкталат, ошондой эле мыйзамсыз күнөө коюу, жазалоодо алардын укуктары жана эркиндиктерин чектөөдө да кезигет. Жазык процесстик мыйзамы укук мамилелердеги адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин ар тараптуу камсыз кылуу, жагдайларынын механизмдерин көңүл бурууга аракеттенет. Ошондой эле жазык процессинин негизги суроолору бир жактуу эмес, анын ичинде жабырлануучунун укуктарын коргоо ар тараптуу каралуусу зарыл. Башкача айтканда айыптоо, куугунтуктоо жактары менен гана чектелбестен, адам укуктарын коргоону камсыз кылууда жабырлануучунун укугун коргоо чет өлкөлүк тажрыйбаларды Кыргыз Республикасынын мыйзамында колдонууну сунуштайт.*

***Негизги сөздөр:*** *жабырлануучу, эркиндиктер, укук мамилелер, сот өндүрүшү, адам укуктары, жазалоо, укуктарын коргоо, коом, укуктук абал, мыйзам.*

*Это статья рассматривает актуальные вопросы уголовно-процессуального права. Разработка и предложение для улучшения социального и процессуального права потерпевшего в соответствии с нынешними законами и требованиями общества. Высокое политическое значение уголовного судопроизводства в современной КР определяется конституционным положением о том, что человек, его права и свободы являются высшей ценностью. В уголовно-процессуальном законе на основе Конституции Кыргызской Республики определено назначение уголовного судопроизводства, которое состоит в защите прав и законных интересов лиц и организаций, потерпевших от преступления, а также личности от незаконного необоснованного обвинения, осуждения ограничения ее прав и свобод. Уголовно-процессуальный кодекс призван обеспечить полную защиту прав и свобод лиц в правоотношениях, а также обратить внимание на механизмы их обстоятельств. Также основные вопросы уголовного процесса следует рассматривать комплексно, включая защиту прав потерпевшего, а не односторонне. Иными словами, защита прав потерпевшего не ограничивается обвинениями и преследованием, но предполагает использование зарубежного опыта в законодательстве Кыргызской Республики.*

***Ключевые слова:*** *пострадавший, свобода, правоотношения, судопроизводство, права человека, наказание, защита прав, общество, правовой статус, закон.*

*This article examines topical issues of criminal procedure law. Development and proposal for improving the social and procedural rights of the victim in accordance with current laws and the requirements of society. The high political significance of criminal justice in the modern Kyrgyz Republic is determined by the constitutional provision that a person, his rights and freedoms are the highest value. The criminal procedural law, based on the Constitution of the Kyrgyz Republic, defines the purpose of criminal proceedings, which consists in protecting the rights and legitimate interests of persons and organizations who have suffered from a crime, as well as individuals from unlawful unfounded accusations, condemnation of restrictions on their rights and freedoms. The Criminal Procedure Code is intended to ensure full protection of the rights and freedoms of individuals in legal relations, as well as to pay attention to the mechanisms of their circumstances. Also, the main issues of the criminal process should be considered comprehensively, including the protection of the rights of the victim, and not one-sidedly. In other words, the protection of the victim's rights is not limited to accusations and persecution, but involves the use of foreign experience in the legislation of the Kyrgyz Republic.*

***Key words:*** *victim, freedom, legal relations, legal proceedings, human rights, punishment, protection of rights, society, legal status, law.*

Жазык процессине катышуучуларды мамлекеттик коргоо маселеси боюнча БУУ тарабынан иштелип чыккан сунуштар жана стандарттар Европа Кеңеши, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги, Шанхай келишими сыяктуу уюмдардын документтеринде жана ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларын мамлекеттик коргоо маселесин жөнгө салууга багытталган мамлекеттик мыйзам актыларында колдоо таап, андан ары өнүгүүгө ээ болду. Жабырлануучуларды, күбөлөрдү, кылмыш-сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларын коргоону жөнгө салуучу БУУнун ченемдик-укуктук актылары универсалдык мүнөзгө ээ жана ар бир мамлекеттин мыйзамдарында колдонууга болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Ар түркүн элдердин руханий жана тарыхый жолунда ар кандай кылмыштардан жабырлануучулардын укугун коргоо түшүнүгү жана аны ишке ашыруу идеясы өтө татаал жана узак болду. Ар бир эл жабырлануучунун жеке укуктарынын бузулушунан коргоо зарылдыгы келип чыкканын өзүнчө түшүнүп, өзүнүн улуттук мыйзамдарында жана укуктук коргоо практикасында чагылдырган. Өлүм жазасы коомдо, массалык аң-сезиминде ырайымсыздыкты пайда кылат. Негизинен бул жазаны кабыл алуу стереотиптери кеңири жайылган эмоционалдык фактор басымдуулук кылат, өч алуу мотивациясы жана салттуу кылмыш менен күрөшүү боюнча эң катуу чаралардын натыйжалуулугун айтсак болот.

Жабырлануучунун укугун кылмыштуулуктан коргоо жана коопсуздугун камсыз кылуу идеясы бардык диний, адептик жана укуктук системаларда дайыма аракетте болгон. Алсак, байыркы вавилондук Хаммурапи падышанын (б.з.ч. XVIII к.) мыйзамдарынын 8-беренесинде кылмышкер уурулук кылганы үчүн жабырлануучуга материалдык зыянды он эсе ашыкча төлөп берүүгө мажбур болгон [1]. Ушундай эле физикалык, моралдык жана материалдык зыянды калыбына келтирүү идеясы «Орус Чындыгында» (XII к.) мындай деп берилген: «эгер адам канжалаганга чейин же көгөрүп кеткенге чейин келтектелген болсо, күбө издөөнүн кереги жок, бирок урган адам үч гривендик жазананы төлөп берет; эгер келтек жеген адамда келтектин изи болбосо, өз сөзүн далилдөө үчүн күбөлөрдү алып келүү керек; а ким мушташты баштаса, ал алтымыш кун төлөйт, эгер ал мушташты баштап, бирок канжалаганга чейин токмок жесе да, күбөлөр анын мушташты баштаганын айтып берсе, баары бир токмок жегенине карабай кун төлөйт» [2].

Белгилүү укук таануучу М.А. Чельцов-Бабутовдун пикиринде, адамзаттын эң баштапкы тарыхында эле жабырлануучуга зыянды төлөп берүү жеке же топтук өч алуу адаты аркылуу ишке ашкан. Жыйынтыгында биринчи чектөө бул кандуу өч алуу болгон, алгач жекеме-жеке беттешүү, андан соң топтук беттешүү болуп, мындай кагылыштар уруулар ортосундагы ритуалдык эрежелер менен коштолгон согуштарга алып келген.

Албетте, мындай жекеме-жеке же топтук беттештер конфликтти чечүүчү каражат катары кызмат кылган, эгерде согушуп жаткан тараптардын ортосунда арачылардын жардамы менен кандайдыр бир макулдашуулар түзүлгөн болсо.

Уруулук кагылыштарда конфликтти чечүүчү каражат катары, б.а. уруунун бир мүчөсүнө келтирилген капачылыкты «жоюу» адаты кан төгүү менен өч алуу болгон. Кандуу өч алуунун алгачкы түшүнүгү зордукзомбулукка кабылган учурда ар бир уруунун мүчөсүнө өз ара жардам берүү, коргоо жана куралдуу колдоо болуп эсептелген [3]. Кандуу өч алуу адаты Кавказ элдеринде, анын ичинде Алания жана Дагестан элдеринде болгон. «Ким атасын өлтүргөн адамды өлтүрбөсө, мыйзамсыз төрөлгөн» [4] деп эсептелген.

Мусулман коомчулугунда бирөөнүн мүлкүн көп жолу уурдаса жазалоо катары күнөөлүүнүн колун кесүү колдонулган.

Бирок элдердин аң-сезиминде христиандык канондук укуктук түшүнүктүн бекемделиши менен өлтүрүлгөн адамдын тууугандары бузулган укуктарынын калыбына келтирилиши үчүн көп эселенген жазана төлөө же өлтүргөн адамды сатып алуу, б.а. компенсация – кун төлөтүүнү көбүрөөк колдоно баштаган. Адамдардын аң-сезиминде бара-бара жоготуу үчүн көп эселенген, толук же жарым-жартылай акы төлөө, ордун толтуруу түшүнүгү өнүгүп, бекемделе баштаган, өлгөн же жараат алган тууганы үчүн акчалай каражат же кандайдыр бир мүлк: мал, курал-жарак, алтын, күмүш ж.б. алуу адатка айлана баштаган. Алсак, 1184-ж. армян Судебниги боюнча, адам өлтүргөнү үчүн жаза катары күнөөлүү тараптан жабырлануучу тарапка келтирилген зыяндын геометриялык эквиваленти алынган. Орто кылымдагы Арменияда жабырлануучу тараптын бузулган укугун калыбына келтирүү үчүн универсалдуу чара бул 365 (жылдагы күндүн саны) дахекан турган акыл-эстүү жандыктын канынын белгилүү баасы эсептелген, а бир дахекан отуз (айдагы күндөрдүн саны) күмүш драмга барабар болгон [5].

Кылмышкерге айыбын көрсөтүү иретинин жана жабырлануучуга келтирилген зыянды ордун толтуруунун эволюциялык өнүгүшүн көрсөтүү менен, белгилүү орус укук таануучусу И.Я. Фойницкий мындай деп жазган: «Кылмыш-жаза процессинин тарыхы купуя башталыштын үстөмдүк кылуусу менен жана жарандык процесске толук бойдон дал келүүсү менен башталган; тараптарды кароо жана талдоо - ага мүнөздүү белгилер. Аз-аздан көпчүлүк алдында кылмыш-жаза процесси пайда болот жана бара-бара өнүгүп баштайт; ал коомдук, мамлекеттик ишке айланып баштайт жана мамлекеттүүлүк идеясы процесске реакция кылып, киришип гана тим болбостон, башка бардык нерселерди да өз ичине камтып калат: айыпкердин жеке укуктары тан алынбайт, ал изилдөөнүн обьектисине айланат жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн делген өтө катаал эксперименттерге (камакка алуу, кыйноо, процесстин купуялыгы) дуушар болот; күнөөлөө түшүнүгүн кылмыш ишин козгоо шылтоолору алмаштырат, даттануу текшерүү жол-жобосуна орун бошотот, процесстин бардык катышуучулары мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн деп жарыяланган

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



чындыктын ачылышы үчүн кызмат кылууга милдеттендирилген… Мындай иликтөө жол-жобосунун өзгөчө белгилери процесстин тараптарын, доонун башталышын толук өз ичине алышы, жашыруун жана жазуу түрүндөгү кылмыш-жаза процессинин башталышы, көзөмөлдөөнүн ирети жана сот адилеттигине назар салуу укук коргоо органдарында жана соттун колунда экендиги» [6].

Калыбы, кылмыш-жаза процессинин тарыхы айыптоону куроо планында үч негизги баскычтан өтөт: кылмыш-жазык сот өндүрүшүндө жабырлануучунун жеке кызыкчылыгынын үстөмдүк кылуу баскычы, бардык кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынан чындыкка умтулууну жана мыйзамга баш ийүүнү талап кылып, жабырлануучунун жеке кызыкчылыгын мамлекеттин кызыкчылыгы өз карамагына алуу баскычы, акырында, кылмыш-жазык процессинин бардык тараптарынын (жабырлануучунун да, айыпкердин да) укугуна жана эркиндигине конституциянын кепилдиги, алардын мыйзам алдында тең укуктуулугу, акыйкаттуулук, кылмыш-жазык жараянынын сот өндүрүшүндө мамлекеттин катышуу баскычы.

Кылмыш-жазык иликтөөсү бара-бара жабырлануучунун жеке канааттануу укугу жана мыйзамдык кызыкчылыгы гана болбостон, мамлекеттин укуктук функциясына айланды. Кылмыш-жазык сот өндүрүшүнүн мындай эволюциясынын башталышында мамлекет мыйзамдуу түрдө жабырлануучулардын укугу жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулганда мамлекеттик коргоо тартибин орнотту. Мисалы, Байыркы Римде герман жана британ урууларында орто кылымдарда мамлекет коомчулугу соттук уюштуруу жана тынчтыкты жана тартипти бузган айыпкерлер үчүн күнөөсүн көрсөтүүчү өзгөчө кызматтарды киргизишкен. Соттук айыптоочунун карамагына айыпкерди табуу жана келтирилген зыяндарды өндүрүү үчүн укук коргоо жана жергиликтүү органдары кирген. Байыркы Афины шаарында кылмыш-жаза процесси коомчулуктун өкүлдөрүнүн – күбөлөрдүн катышуусунда, көрүнүктүү жерде айыпкерди атайын кызматтагы адамдын суракка алуусу менен башталган. Кээ бир учурларда мыйзам айыпкерди кармап келген жабырлануучуларды сыйлаган, алсак урууну кармап алса. Жабырлануучудан даттанууну алаар замат, бул ишти кароого милдеттендирилген кызматкер, ишти көпчүлүк алдында кароого даярданган. Божомолдонгон айыпкердин күнөөсүн далилдөө милдети негизинен жеке айыптоочунун ролундагы жабырлануучуга жүктөлгөн. Бирок атайын кызматтагы адамдар чындыктын ороношуна кызмат көрсөткөн жана каршылашы жазуу же буюм түрүндөгү далилдерди көрсөтсө жазасын алууга даярмын деген тарап менен кызматташууга да милдеттүү болгон. Тараптар кызматкер биринчи эле талап кылганда өзүнүн күмөнүн же талабын көрсөтүүсү тийиш болгон [7].

Кээ бир өлкөлөрдө өзүн капа кылган айыпкерге жабырлануучунун күнөөлөөсүнөн тышкары элдик айыптоо аталган айыптоо да колдонулган. Элдик айыптоо формасы, алсак, республикалык Римде коомчулукту кызыктырган кылмыш ишинде ар бир толук укуктуу рим жараны айыптоочу катары чыгып сүйлөй алган. Мындай айыптоо анын саясий укугу жана ардактуу атуулдук милдети болгон. Англияда айыптоонун мындай формасы көп жюрилер аркылуу көрсөтүлгөн, коомчулуктун социалдык функциясы түрүндө пайда болгон. Айыптоону уюштуруунун мындай формасы малекеттик акыйкаттуулукту ишке ашырууну бир кыйла жеңилдеткен, анткени, коомдук ой-пикирдин жана коомдук айыптоонун күчү колдоо көрсөтүп турган. Бир жактан алып караганда, мындай элдик айыптоо формасында жабырлануучунун да, айыпкердин да укугу жана мыйзамдык кызыкчылыктары тең салмакта каралган. А башка жагынан алып караганда, мындай айыптоодо калк өзүнүн коомдук укуктарын жана милдеттерин ачык аңдап-билип, жеке жактардын мыйзам алдында, акыйкаттулук алдында саясий тең укуктуулугуна жана кадыр-баркынын бирдейлигине ишенүүсүнө алып келет. Кылмыш-жаза айыптоосунун куралышынын мындай формасынан орус сот өндүрүшү коомдук укуктук билиминин жеткиликтүү өнүгө албаганынан улам кабарсыз болгон.

И.Я. Фойницкийдин оюу боюнча, Батыш Европанын соттук-жазык укугу рим укугунун жана процессинин классикалык доорунда түптөлгөн жана өз ичине каршылаш тараптардын жеке катышуусун дагы, мамлекет-коочулуктун катышуусунун башатын да кеңири жайылтууну камтыган. Ар бир рим жаранына таандык айыптоо укугу олуттуу жоопкерчилик жана иш-аракетинин мыйзамдуулугу менен коштолгон. Кайсы гана айыптоочу болбосун, жабырлануучубу же мамлекеттик айыптоочубу, мыйзамсыз иш-аракети үчүн сот алдында жооп берүүгө милдеттүү болгон: жалган айыптоону көрсөткөнү үчүн (columnia), айыпкер менен мыйзамсыз келишим түзгөнү үчүн (praevaricatio, tergiversatio) ж.б. Тарыхчылардын жана укук таануучулардын белгилешинче, ал убактарда айыптоо ишмердүүлүгү жоопкерчиликтүү болгону үчүн, аябай ардактуу кызмат эсептелип, жөнөкөй адамдарга (famosi) жана аялдарга берилген эмес. Өлүм жазасы өзгөчө коркунучтуу, анткени бул ырайымсыздык мамлекеттер күнөөсүз адамдарга дуушар болушу мүмкүн. Мыкаачылыкты жеңүү мүмкүн эмес. Буга бир гана кайрымдуулук жөндөмдүү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



**Адабияттар:**


1. Хрестоматия по всеобщей истории государства и права. / Под ред. К.И.Батыра и Е.В.Поликарповой. В двух томах. Т.1. - М., 2004. - С.10.
2. История государства и права России (В документах и материалах) / Состав.: И.Н.Кузнецов. Минск, 2005. - С. 11.
3. Чельцов-Бебутов М.А. Курс уголовно-процессуального права. - СПб., 1995. - С.41-42.
4. Цечоев В.К., Власов В.И. История отечественного государства и права. - Ростов-на-Дону, 2003. - С. 95-96.
5. Арутюнян Б.М., Армянский Судебник Мхитара Гоша. - Ереван, 1954. - С. 238.
6. Фойницкий И.Я. Курс уголовного судопроизводства. - СПб., 1996. - С. 17.
7. Чельцов-Бебутов М.А., Курс уголовно-процессуального права. - СПб., 1995. - С. 99-100.
8. Фойницкий И.Я. Курс уголовного судопроизводства. СПб., 1910 (переизд.). - СПб., 1996. - С. 18-19.
9. Хрестоматия по всеобщей истории государства и права. / Под ред. К.И.Батыра и Е.В.Поликарповой. В двух томах. Т.1. - М., 2004. - С.10.
10. История государства и права России (В документах и материалах) / Состав.: И.Н.Кузнецов. Минск, 2005. - С. 11.
11. Чельцов-Бебутов М.А. Курс уголовно-процессуального права. - СПб., 1995. - С. 41-42.
12. Цечоев В.К., Власов В.И. История отечественного государства и права. - Ростов-на-Дону, 2003. - С. 95-96.
13. Арутюнян Б.М. Армянский Судебник Мхитара Гоша. - Ереван, 1954. - С. 238.
14. Фойницкий И.Я. Курс уголовного судопроизводства. - СПб., 1996. С. 17.
15. Жаасынбек кызы А. Уголовно-правовые меры обеспечения безопасности свидетелей и потерпевших в законодательстве Кыргызской Республики. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 12. - С. 21-23.
16. Жаасынбек к.А. Зарубежный опыт по защите прав и личного достоинства потерпевших. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 123-125.